КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
ИНВЕСТИЦИЯЛАР БОЮНЧА
УЛУТТУК АГЕНТТИГИ

НАЦИОНАЛЬНОЕ АГЕНТСТВО
ПО ИНВЕСТИЦИЯМ
ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

_______________ №________

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттигинин 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы № 137 “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын “Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-апрелиндеги ПЖ № 115 Жырлыгы менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттик жөнүндө” Жобого ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин 2025-2030-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча иш-чаралар планы (мындан ары-План) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Инвестициялар боюнча улуттук агенттиктин (мындан ары - Улуттук агенттик) түзүмдүк, ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери Планды белгиленген мөөнөттө талаптагыдай аткаруу боюнча бардык зарыл чараларды көрүшсүн;
- Улуттук агенттиктин 2024-жылдын 22-майындагы № 72 буйругуна ылайык, Улуттук агенттиктин инвестициялык саясат жана чечимдерди даярдоо башкармалыгынын башкы адиси, коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 15ине чейин Пландын аткарылышы жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешине жиберсин;
- Улуттук агенттиктин Басма сөз катчысы Планды расмий ведомстволук сайтка жайгаштырсын;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- бул буйруктун аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик Улуттук агенттиктин түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилерине жүктөлсүн;
- Улуттук агенттиктин уюштуруу иштер башкармалыгы ушул буйрукту Улуттук агенттиктин жана анын ведомстволук бөлүмдөрүнүн бардык кызматкерлерине жеткирсин.

3. 2024-жылдын 22-июлундагы № 107 ИУАнын буйругу күчүн жоготту деп саналсын.
4. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Директор** **Т.О. Иманов**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН